КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXIV сессиясы**

**Токтом № 107**

Сүлүктү шаары 05.04. 2023ж.

**Сүлүктү шаарынын жергиликтүү жамаатынын Курултайын чакыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 12.12.2022-ж. №279 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү жамааттарынын Типтүү Уставын жетекчиликке алып Сүлүктү шаарынын жергиликтүү жамааттарынын Уставын Типтүү уставга ылайыкташтыруу максатында Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 61-беренесине Кыргыз Республикасынын Президентинин 02.05.2001-ж. №152 Жарлыгы менен бекитилген “Жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн элдик Курултайы жөнүндө” Жобого жана депутаттардын Сүлүктү шаардык кеңешинин 2014 – жылдын 8 – июлундагы XII – сессиясынын №67 токтому менен бекитилген Сүлүктү шаарынын жергиликтүү жамаатынын Уставына ылайык

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү жамаатынын кезексиз Курултайы 28-апрель 2023-жыл саат-10-00дө шаардык маданият сарайына чакырылсын;
2. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү жамаатынын Курултайынын күн тартибине төмөнкү маселе киргизилсин:
    1. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү жамаатынын Уставын талкуулоо;
3. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү жамаатынын Курултайын уюштуруу жана өткөрүү жагы шаардык мэрияга жүктөлсүн;
4. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү жамаатынын Курултайын уюштуруу жана өткөрүү жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлсүн;
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө аламын.

Төрага: Р.М. Жайнаков